Тиркеме 1

**«Этика, гуманизм жана глобалдык цивилизациялардын диалогу» Атту жаш окумуштуулардын эл аралык илимий-практикалык конференциясынын КОНЦЕПЦИЯСЫ**

## 1. Жалпы жоболор

Жаш окумуштуулардын «Этика, гуманизм жана глобалдык цивилизациялардын диалогу» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциясы (мындан ары – Конференция) Чыңгыз Айтматов атындагы Ысык-Көл эл аралык форумунун алкагында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан 2025-жылдын 12-декабрындагы №1134-т токтому менен бекитилген иш-чаралар планынын 39-пунктун («Жаштар платформасын форумдун өзүнчө бөлүгү катары уюштуруу») аткаруу максатында өткөрүлөт.

Конференция жаштардын илимий потенциалын өнүктүрүүгө, гуманисттик баалуулуктарды жайылтууга, ошондой эле эл аралык жана дисциплиналар аралык илимий диалогду кеңейтүүгө багытталган эл аралык илимий аянтча болуп саналат.

## 2. Конференциянын максаты

Конференциянын максаты – этика, гуманизм жана цивилизациялардын диалогу контекстинде заманбап дүйнөнүн актуалдуу маселелерин талкуулоо үчүн туруктуу илимий аянтча түзүү, ошондой эле жаштарды илимий-изилдөө жана инновациялык ишмердүүлүккө тартуу.

## 3. Конференциянын милдеттери

Негизги милдеттер:
– жаштардын илимий-изилдөө компетенцияларын өнүктүрүү;
– илимий чөйрөдө гуманисттик жана маданий баалуулуктарды жайылтуу;
– изилдөөлөрдө дисциплиналар аралык мамилени калыптандыруу;
– эл аралык илимий кызматташтыкты өнүктүрүү;
– жаштардын инновациялык долбоорлорун жана стартап демилгелерин колдоо;
– илим, билим берүү жана коом ортосундагы байланышты чыңдоо.

## 4. Конференциянын негизги багыттары

Конференциянын иши төмөнкү багыттар боюнча жүргүзүлөт:
– Ч. Айтматовдун чыгармачылыгынын философиялык жана нравалык негиздери;
– глобалдашуу шартындагы улуттук иденттүүлүк жана маданияттар диалогу;

– экологиялык маселелер жана туруктуу өнүгүү;
– дүйнөлүк адабият контекстинде Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы;
– санариптик технологиялар жана гуманитардык изилдөөлөр;
– жасалма интеллект жана медиа билим берүү;
– социалдык жоопкерчилик жана педагогика;
– жаш изилдөөчүлөрдүн стартап-питчинги.

## 5. Катышуучулар

Конференцияга жогорку окуу жайлардын студенттери, магистранттары, аспиранттары, жаш окумуштуулар, окутуучулар, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөлөрдүн илимий-билим берүү уюмдарынын өкүлдөрү катышууга чакырылат.

## 6. Өткөрүү форматы

Конференция аралаш форматта (офлайн/онлайн) өткөрүлөт жана төмөнкү иш-чараларды камтыйт:
– пленардык жыйын;
– секциялык жыйындар;
– мастер-класстар;
– тегерек столдор;
– илимий жана инновациялык долбоорлордун презентациялары.

## 7. Күтүлүүчү жыйынтыктар

Конференциянын жыйынтыгында төмөнкүлөр күтүлөт:
– эл аралык жаштар илимий аянтчасынын калыптанышы;
– илимий макалалар жыйнагынын жарык көрүшү;
– илимий кызматташтыктын кеңейиши;
– жаштардын инновациялык жана стартап демилгелерин колдоо;
– Ч. Айтматовдун илимий жана маданий мурастарын жайылтуу.

## 8. Практикалык мааниси

Конференциянын материалдары төмөнкү максаттарда колдонулушу мүмкүн:
– жогорку окуу жайлардын окуу процессинде;
– илимий-изилдөө ишмердүүлүгүндө;
– маданий жана агартуу программаларын иштеп чыгууда;
– жаштар саясатын калыптандырууда.

## 9. Жыйынтык

Конференция эл аралык илимий кызматташтыкты бекемдөөгө, гуманисттик баалуулуктарды өнүктүрүүгө жана дисциплиналар аралык ой

жүгүртүүгө багытталган жаңы муундагы изилдөөчүлөрдү калыптандырууга өбөлгө түзөт.